**ПЕДАГОГИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ**

**ПЕДАГОГИКА И ПСИХОЛОГИЯ**

**PEDAGOGY AND PHYCOLOGY**

***Абдубалиева Бактыгүл Жумакадыровна***
***филология илимдеринин кандидаты, доцент***
***К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети***

## СОВЕТБЕК БАЙГАЗИЕВДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК СТРАТЕГИЯСЫ

***Абдубалиева Бактыгул Жумакадыровна***
***кандидат филологических наук, доцент***
***Ыссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова***

## ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ СТРАТЕГИЯ СОВЕТБЕКА БАЙГАЗИЕВА

***Abdubalieva Baktygul Zhumakadyrovna***
***candidate of philology of science, docent***
***Issyl-Kul State University named K. Tynystanov***

## THE PEDAGOGICAL STRATEGY OF SOVETBEK BAIGAZIEV

***Аннотация:*** *Макалада окумуштуу С.Байгазиевдин кыргыздын улуу ойчулдарынын жана баатырларынын осуяттары келечек муундарды тарбиялоо ишинде тийгизген таасиринин педагогикалык стратегиясы жөнүндө сөз болот.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается педагогическая стратегия Советбека Байгазиева. Заветы великих кыргызских мыслителей и достопочтенных людей влияет в воспитании будущих поколении.*

***Annotation:*** *In this article, the pedagogical strategy of Sovetbek Baigaziev is considered. The covenants of Kyrgyz great thinkers and honorable people influence the education of future generations.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *тарбия, адеп-ахлах, руханий байлык, Манас, тарых, анализ, акылман, насаат сөздөр, баалуулук.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, нравственность, духовное богатство, Манас, история, анализ, мудрость, заветы, ценность.*

***Key words:*** *education of morality, spiritual wealth, Manas, history analysis, wisdom, covenants, value.*

Филология илимдеринин доктору, профессор, Россиянын Эл аралык социалдык жана педагогокалык илимдер академиясынын академиги, КРдин билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыгынын, КРдин Ч. Айтматов атындагы Мамлекеттик жаштар сый-

лыгынын лауреаты, И. Арабаев атындагы жана «Манас Ата» сыйлыктарынын ээси – Советбек Байгазиев жогорудагы сыймыктуу наам-даражаларга жөндөн-жөн жете калган жок. Күн тынымы кетип, түн уйкусун бөлүп, изденип, талыкпаган ак эмгеги менен жетип отурат. Терең дайра жай аккан сыңары адамдын да акылманы, көптү билген даанышманы токтоо, сабырдуу келет. Советбек агайдын ай тегерек жүзүнөн мээрим төгүлүп, коңур көздөрүнүн түпкүрүндө көптү билген көсөмдүк, баскан-турганынан терең салмактуулук, даанышмандык сезилип турат. Бүгүнкү күндүн Бакайы десем аша чапкандык эмес. Улуу-кичүүгө кылган маданияттуу мамилеси, көңүлүңдү жибитип, агайга тартылууңду арттырат. Акыл сурасаң, алып-учуп шашып кетпей, саамдан кийин кеңешин берип, жай сүйлөп, омоктуу оюн ортого салат. Агай сыяктуу ар ишти салмактап, акыл калчап, калыстыктан тайбаган, жаштарга насаат сөзүн айткан карылар да сейрек чыгат.

Элибиздин өткөн тарыхынан, көөнөрбөс көркөм казынасынан наар алган, бүткүл турган турпаты адамдык асыл сапаттарга ширелген, ата-бабалардын нускаларын өз элегинен өткөргөн Советбек агай көптөгөн эмгектерди жаратты. Элибиздин каада-салтын, руханий байлыгын терең билими менен айкалыштыргандыгы үчүн кыргыз журтчулугунда Советбек агай терең урмат-сыйга, кадыр-баркка бөлөнүп отурат. Агайдын илимий эмгеги болобу, көркөм публицистикасы болобу окуган адамга жугумдуу келип, таалим-тарбия аласың. Руханий байлык менен адамгерчилик коомдун туткасы болуп саналат. «Адамга эң биринчи билим эмес руханий тарбия берилүү керек. Тарбиясыз берилген билим – адамзаттын кас душманы. Ал келечекте анын бардык өмүрүнө апаат алып келет», - деп улуу окумуштуу Аль Фараби белгилегендей улуттук тарбия менен билим куштун канатындай эгиз болушу шарт.

Улуттук тарбиянын өзөк үлгүлөрүнүн башаты кайда жатарын агартуучу Советбек Байгазиев туура баамдап, келечек урпактар үчүн Айкөл Манас атанын руханий адептик-ыймандык жана патриоттук улуу өрнөктөрүн системага ырааттуу салып чыккан. «Мен дагы өзүнчө калкмын, өзүнчө журтмун деген ар элдин төбөдөгү чоң кудайдан кийин дагы башка, бир катар сыйынган ыйык «кудайлары» болот. Бул улуттун туу тутуп, төбөгө көтөргөн ыйык идеялары. Ошондой сыйынган идея – «кудайлары», пир туткан рухий адеп-ахлак абсолюттары болбогон эл эл болуп, өзүнчө бүтүн, жумуру журт болуп жашай алмак эмес. Андай идеясыз, философиясыз калк тигиштери сөгүлүп, дал-далынан кетип, айрылган кийим шекилдүү ичинен өзүнөн-өзү ыдырап, бириндеп, чабылып-чачылып, азып-тозуп, акыры эл катары жок болуп кетиши тарыхта боло келген иш» [3,3-б.]. Алакандай кыргыз элинин бактысына океандай чалкыган «Манас» эпосу буюруп, байыркы замандан бери атадан-балага, укумдан-тукумга улуу мурас болуп сакталып келет. Эмгегинде окумуштуу кыргыз элинин эзелтен көксөгөн идеясын, калайык-калктын эркиндигин, көз каранды эместигин даңазалайт. «Ала-Тоомсуз мен киммин? Ата-энесиз жетиммин», - деп Манастан калган ыйык идеяны туу тутат.

С. Байгазиев Манас баатырдын сыйынган улуу идеясын, өзгөнү ооруна тартып, өз кыла билүү билгилигин, шердигин, мекенчилдигин, биримдигин, айкөлдүгүн, ар-намыстылуугун, боорукерлигин, кечиримдүүлүгүн, кеңешчилдигин, пендечилигин, сабаттуулугун, улуу санаркоосун агартуучу педагог катары тиешелүү деңгээлде ачып берген. Жогорку маселелерди камтыган методикалык колдонмо мугалимдер, окуучулар үчүн жатык тил менен жазылып, таалим-тарбия китеби катары кызмат кылат. Ааламдашуу ажыдардай оп тартып келе жатканда, ата-бабалардан калган улуу жөрөлгөлөр заман-

бап билим берүү менен жуурулушуп окутулса, окуучулардын руханий дүйнөсү байып, жакшы калыптанат. «Кызыл-Кумда жантак деген өсүмдүк бар. Кара карганын мээсин кайнаткан аптапта жапжашыл болуп, тамырын кырк кулач тереңдикке батырган абалында чөл бетинде соолубай, шаңкайып тура берет. Эшилме кум, леп эте калган желге ыңгайлашып, камгак байкуш бирде тигинде, бирде мында ызгыган бойдон аягы сай таппай кетет. Мына жетесиздик деген кандай. Ал эми тамырын жер алдындагы сууга дейре житирген жантак бир ордунан былк этпейт. Адамдар да ошол сыяктуу. Кудайым болочок урпакка жантактын терең тамырлуу тагдырын жылоолосун да, тизгинин жел башкарган тексиз камгактын аягы сай таппаган тирлигинен сактасын деп тилейли. Камгактай зайпаналар коом үчүн кандай учурда да кооптуу» [1,60-б.]. Келечек урпактардын эртеңки тагдырына кам көрүп, камгактай жеңилдиктен коргоо максатында С. Байгазиев «Кыргыздын улуу ойчулдарынын жана баатырларынын осуяттары – Ата Журт тиреги» деген китебин жазган. Кумдуу чөлдө тамырын тереңге жайган жантак деген өсүмдүктөй кыргыздын уул-кыздары дагы ата-бабалардан калган улуу осуяттарды, нарк-дөөлөттөрдү өз боюна сиңирип калыптанышы үчүн жогорку китептин мааниси чоң. Аталган китепте: «Жети ата» - бул тамыр. Өсүмдүктү карасак, ал тамырсыз болбойт. Тамыры болгон үчүн ал гүлдөп өсөт. Тамырынан ажыраса, өсүмдүк купкуу сөңгөккө айланат, бир заматта соолуп, куурап жок болот. Адамдын да тамыры болот. Анын тамыры – «жети ата». Бала ошол жети ата тамырды таануу аркылуу адам болот. «Жети ата» деген бул жалпыланган мааниге ээ. «Жети ата» бул ата-бабалардын, калайык-калктын тарыхы, тили, салты, дили, дини, маданияты», - деп жаш урпакка тегин таанытуу бүгүнкү күндө дагы тарбиянын башаты экендигин окумуштуу маанилүү мисалдар менен далилдеген. «Манастын таалим-тарбиясында жана аны уюштурууда Акбалта зор роль ойнойт. Жакыптын уулу жаш баатыр болуп «ак калпакты кийип, алчайып атка минип» чоң атасы Ороздунун көк туусун көкөлөтүп көтөргөндө да, Акбалта даанышман «бала каздай баркылдап, ак сакалы жаркылдап, абалкыдан кеп баштап, акырын сүйлөп бек таштап» тарых сабактарын таалимдөөсүн уланта берет. Ал Манаска калктын өткөндөгү трагедиялуу тарыхын да какшап айтып, ошону менен бирге элинин каарман духун жомоктоп, кыргыз үчүн канжанын берген чыгаан элдердин таржымалын даңазалап (мисалы, Кошой жөнүндө), жаш баатырдын аң-сезимине жана жан дүйнөсүнө бекем рухий-патриоттук таяныч табуунун камында болот» [4,5-б.]. Окумуштуу С. Байгазиев бүгүнкү күндө жаш урпактар үчүн акылман Акбалтадай таалим-тарбия сөздөрүн жазып, нускалуу кептерин айтып, даанышмандыгын көрсөтүп отурат. «Мындай бир аңыз бар. Капилеттен жоо колуна туткундалып, кулдукка сатылган боконосу ката элек жаш бала жылдар өтө киндик каны тамган топурагын, алпештеп өстүргөн ата-энесин унута баштайт. Жат өлкөгө боор тартып, жакшылык-жамандыкты баштан кечирип, акыл-эси менен кайрат-күчүнүн аркасында акыры бөтөн журттун бийлөөчүсү болот. Жылдар жылжып өтүп, зоболосу көтөрүлгөн чагында, ат арытып алыстан кербенчилер туулган жеринин бир түп шыбагын жеткиришет. Шыбактын буруксуган жыпар жыты бийлөөчүнүн бүлбүлдөп алыста калган туулган жер, төшүндөгү кызгалдак терип өскөн кайгы-капасыз балалык бейкапар күндөрүн эсине түшүрөт. Көзүнөн жаш мөлтүлдөп, санаасында сары оору болуп жаткан сагыныч сезими бурк этип ойгонуп тынчтык бербейт. Эми анын жолун тосуу мүмкүн эмес эле. Эчендердин көзүн күйгүзгөн так менен таажыны тарс эткизип жерге уруп, бакка, байлыкка да карап койбой, тулпарын токунуп алып, туулган жерине сызган экен дешет»

[1,60-61-б.]. Мына, туулган жердин касиети! Байлыктан да, бийликтен да баарынан бийик турбайбы. С. Байгазиев дагы туулган жердин топурагы алтын, адам баласынын башаты, башталышы туулган жерде экендигин, балага туйгузууну, билгизүүнү анын кенедей кезинен баштоо зарылдыгын өзгөчө белгилейт.

Кыргыз эли – акылмандардын айткан насаат сөздөрүн жадымында бекем сактап, алардын жүргөн-турганын үлгү тутуп, жазылбаган мыйзамдарына кары-жашы дебей баш ийип келген калк. Сөздү баалашып: «Сөзүң өлгүчө, өзүн өл» дешип, ооздон чыккан ар бир сөзгө өзгөчө маани берип, адамды сөзүнөн таанып келген. С. Байгазиев акылмандардын осуяттарын өз элегинен өткөрүп жатып, өзү дагы алардан кем калышпай насаат айтып жүрүп отурат. Көп тил билүү философиясын чечмелеп мындай дейт: «Эгемендүүлүктүн, демократиянын кырдаалында республикабызда Ажыбайдын, жаш Айдардын салты акырындап жанданды. Окуу жайларында Европа жана Азиянын ар түркүн тилдерин үйрөнүү активдүү түрдө колго алынып жатат. Тил билүү – дил билүү гана эмес дүйнөлүк алдыңкы көчтү кууп жетүүнүн, экономиканы көтөрүүнүн жолу, адамзат топтогон илим-билим казынасынын алтын байлыктарын төтө жол менен үйрөнүүнүн, сиңирүүнүн ишенимдүү ачкычы». Алысты көрө билген окумуштуу заман талабын көзү ачыктай туюп, «алтымыш түрлүү тил билген» жаш Айдардай жаштардын өсүп чыгышын көксөйт. Көп тил билген адам дүйнөлүк илим-билимден, прогресстен артта калбай, элдин өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө болорун белгилейт.

Адам баласынын адам болуп калыптанышы түгөнбөгөн түйшүк. Тарбия-таалим, билим берүү ата-эненин жана мугалимдин гана акылы менен чектелбейт. Манас бабабыз баштаган өткөн доорлордогу акылмандардын эскирбеген, тозбогон, теңдеши жок нускалуу сөздөрүнө таянып, мекенчил, патриот жаштардын өсүп чыгышын көксөп, жан алакетке түшүп толгонот.

Биздин элди сурасаң,
Баатырлар менен жүрөктөш,
Балбандар менен билектеш,
Эрендер менен маңдайлаш,
Чечендер менен таңдайлаш.
Бөрү жалдуу кабылан,
Бөтөнчө эл-журт олуя,
Беттеп адам барбаган, – деген Манас баатырдын сөзүн окумуштуу кыргыз болуп төрөлгөнүн жериген балдар үчүн нуска кылып айтат.

Окумуштуу-агартуучу С. Байгазиев Манас баатырдын, Барсбек кагандын, Калыгулдун, Арстанбектин, Молдо Кылычтын, Нурмолдонун, Тоголок Молдонун, too булбулу Токтогулдун, улуу акын Жеңижоктун, Байзак баатырдын осуяттарын изилдеп, жаш урпактар үчүн баалуу жактарын мазмундуу баяндап чыккан. Ата-эненин ыйыктыгы, жамандыкты жеңүүнүн жолу, канткенде адам уулу адам болору, топуктуулук этикасы, ынтымак, үй-бүлө ж.б. адам баласынын турмушундагы адамгерчилик, ыйбаа-ызаат маселелерин бүгүнкү күндүн көзү менен карап, түбөлүктүү темаларды талдап чыккан. Окумуштуу аталган жагдайлардын кыры менен сырын изилдеп, элдик педагогика жана улуттук психологиянын тарбия нускаларын таасын белгилеген. Жалпы адам баласына тийиштүү изги сапаттар кылымдарды карытып келе жаткандыгын жана ага бир эле күндө жете койбостугун аныктайт. Булар тууралуу сында дагы кеңири токтолуп, жазуу келечектин иши. Элибизден чыккан олуя-заабалардын, даанышмандардын айткандары улуттук идеологиянын милдетин аткарат. Мындай дегенибиздин жөнү бар, анткени биздин илим-билимибиз, тарбия-таалимибиз ата-бабалардын баскан жолдору менен ширелишип турат.

Окумуштуу-агартуучу С. Байгазиевдин келечек муундар үчүн жасаган иштерин зор

сыймык жана кыргыз педагогикасына карата чоӊ стратегиялык салым деп айта алабыз. Табият тартуулаган талантын, чыныгы адамгерчилик мүнөзүн ак эмгеги, талбай изденүүчүлүгү менен жуурулуштуруп отуруп, чоӊ атак-даӊкка жетишти. Илимий изилдөө иштерине гана байланып калбай, көптөгөн жаш окумуштууларга билим тажрыйбасынан бөлүшүп, илимий кадрларды даярдоого салымын кошуп келет.

Улуу устатыбыз Советбек Байгазиевдин 70 жылдык мааракесин куттуктап, алтын башына амандык, бекем ден соолук каалайбыз.

**Адабияттар:**


1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы, 7-том.- Бишкек: 2008.
2. Байгазиев С. Улуу «Манас» эпосунун улуттук жана дүйнөлүк мааниси. – Бишкек: 2013.
3. Байгазиев С. Айкөл Манас атанын руханий, адептик-ыймандык жана патриоттук улуу өрнөктөрү. – Бишкек: 2013.
4. Байгазиев С. Кыргыздын улуу ойчулдарынын жана баатырларынын осуяттары – Ата Журт тиреги. – Бишкек: 2013.


***Рецензент: п.и.д., профессор***
***Асипова Н.А.***